**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН акад. Дж. АЛЫШБАЕВ ат. ЭКОНОМИКА ИНСТИТУТУ КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 08.20.626 Диссертациялык кеңеши

**Кол жазма укугунда**
**УДК 336.221.4:331.5:336.012.23(575.2)**

**КОШОКОВА НУРЖАНА ЖАРМАТОВНА**

# РЫНОКТУК ЭКОНОМИКАНЫН ШАРТТАРЫНДА САЛЫК СИСТЕМАСЫНЫН ЖАНА ЭМГЕК РЫНОГУНУН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕШҮҮСҮ
**(КР материалдарында)**

08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

# АВТОРЕФЕРАТЫ

**Бишкек -2022**

Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин экономика кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Савин Виктор Евгеньевич,** экономика илимдеринин доктору, профессор, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин, экономика жана каржы факультетинин, деканы

**Расмий оппоненттер:** **Орозалиева Акима Султановна,** экономика илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын, экономика, башкаруу жана бажы иши кафедрасынын, профессорунун м.а.

**Черикова Динара Сатыбалдиевна,** экономика илимдеринин кандидаты, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, башкаруу жана бизнес факультетинин, деканынын орун басары

**Жетектөөчү уюм:** М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономика университети, М. Мансурходжаев атындагы экономика жана тышкы экономика ишмердүүлүгү кафедрасы. Дареги: 720033, Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 58.

Диссертациялык иш 2022-жылдын 18-мартында саат $16^{00}$ Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик Дж. Алышбаев атындагы Экономика институтунун жана Кыргызстан эл аралык университетинин алдындагы экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 08.20.626 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720001, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 255, диссертациялык зал (2-кабат). Диссертациянын корголушун онлайн түрүндө түз алып берүүнүн идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/082-ljy-eqt-lns

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а) жана Кыргызстан эл аралык университетинин китепканасынан (720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 255), ошондой эле сайттан: https://mukr.iuk.kg/ (inec.kg) таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 17-февралында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин
кандидаты, доцент  Бекбоева Р.Р.

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасы калкынын көбүн жаштар түзгөн өлкөлөрдүн катарын толуктайт. Аны адамдын төрөлүү көрсөткүчү жогору, өлүмдүн саны аз катталган өлкө катары мүнөздөө салттуу катары кабыл алынат. Эмгек ресурстарынын санынын өсүшү мамлекеттин жумуш менен камсыз кылуу жана эмгек рыногу маселелерине көңүл буруу маселесин объективдүү түрдө алдын ала аныктап коёт. Эмгек рыногунда бир эле убакта активдүү тарап болуп ишкерлер-жумуш берүүчүлөр эсептелет.

Эмгек рыногунун субъектилери ар кандай кызыгууларга ээ. Бирок белгилүү бир шарттарда алар дал келип, мындан улам жалданган жумушчулар же алардын айрым бөлүгү эч бир жерде расмий түрдө эмгек келишимдерин түзбөстөн мыйзамсыз иштешет. Натыйжада, киреше салыгы, Соцфондго камсыздандыруу төлөмдөрү төлөнбөйт. Бул системага салык кызматынын өкүлдөрү дагы тартылган. Алар мыйзамга жатпаган мамилелердин өөрчүшүнө тоскоолдук кылышпайт. Эреже катары катышуучулардын бардыгы мыйзамсыз кирешеге ээ болушат. Коомдо бул жападан-жалгыз туура чечим катары кабыл алынат. Ушундан улам мыйзамсыз практиканы четтетүү зарылчылыгы келип чыкты. Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу ушул аркылуу аныкталат.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштеринин планына ылайык аткарылган («Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүшү» бөлүгү). Изилдөөнүн 2022-жылга чейин Кыргыз Республикасынын иш менен камсыз кылуу тышкы эмгек миграциясын жөнгө салуу программасы, 2018-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын концепциясы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматын 2019-2021-жылдары өнүктүрүүнүн стратегиясы, ошондой эле 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы менен байланышы бар.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин **максаты** заманбап шарттарда Кыргыз Республикасынын эмгек рыногу менен салык системасынын өз ара аракеттешүү механизмин теориялык-методологиялык жактан негиздөө жана өз ара аракеттешүүнүн натыйжалуулугун арттыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу.

Көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган**:**

1. Заманбап шарттарда эмгек рыногун жана салык системасын өнүктүрүүнүн методологиялык аспектилерин изилдөө, эмгек рыногу түшүнүгүнүн маңызы жана мазмунун тактоо, эмгек рыногу менен салык системасынын өз ара аракеттешүүсүнүн чет өлкө практикасын өздөштүрүү жана аны Кыргызстандын шарттарында пайдалануунун мүмкүнчүлүгүн негиздөө;

2. Кыргызстандын эмгек рыногунун жана салык системасынын жалпы абалына комплекстүү баа берүү жана изилденип жаткан системаларды андан ары өркүндөтүү жана кыйла натыйжалуу өз ара аракеттешүү максатында өз ара аракеттешүү механизмин өнүктүрүү тенденцияларын ачыктоо;

3. Статистикалык маалыматты комплекстүү диагностикалоонун негизинде эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аркеттешүүсүндө көмүскө экономикалык мамилелердин өнүгүшүн шарттаган негизги факторлордун аракетин ачып көрсөтүү;

4. кызматкерлердин киреше салыгынан түшүүлөр жана камсыздандыруу чегерүүлөрү боюнча маселелерде өлкөнүн эмгек рыногу жана салык системасынын өз ара аракеттешүү механизминдеги негизги көйгөйлөрдү жана заманбап тенденцияларды аныктоо;

5. Кыргызстанда эмгек рыногунун жана салык системасынын натыйжалуу иштешин жогорулатуу жана киреше салыгынан түшүүлөрдүн жана камсыздандыруу чегерүүлөрүнөн жоготуулардын санын кыскартууну орто мөөнөттүү келечекте божомолдоо көрсөткүчтөрүн экономикалык-математикалык модель түзүүнүн негизинде эсептеп чыгуу;

6. Эмгек рыногу менен салык системасынын ортосунда жана Кыргыз Республикасынын экономикасында көмүскө экономикалык мамилелерди кыскартуу максатында өз ара аракеттешүү механизмин өнүктүрүү жана өркүндөтүүнүн негизги багыттарын негиздеп берүү.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңычылдыгы** төмөнкүлөрдөн турат:

1. Эмгек рыногун өнүктүрүүгө болгон теориялык-методологиялык ыкмаларына комплекстүү анализ жасалды жана эмгек рыногу түшүнүгүнүн маңызы жана мазмуну толукталды жана такталды.

2. Салыктардын ролун жана функцияларын анализдөөнүн негизинде эмгек рыногун өнүктүрүүгө жана алардын кыйла натыйжалуу сыйдырылышына болгон зарылчылыгы негизделген. Бул үчүн Кыргызстандын шартында эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүүсүнүн алдыңкы чет өлкө практикаларынын айрым жоболорун колдонуу мүмкүнчүлүктөрү бар.

3. Буга чейин болгон расмий статистикалык материалдардын жана автордун өзүнүн эсептөөлөрүнүн негизинде заманбап этапта Кыргызстандын эмгек рыногун жана салык системасын өнүктүрүүнүн заманбап деңгээлине комплекстүү анализ жасалды.

4. Өз ара аракеттешүүнү жана Кыргыз Республикасындагы эмгек рыногуна жана эмгектик мамилелерге салык салуунун таасирин изилдөөнүн жүрүшүндө заманбап тенденциялар аныкталып, факторлор, эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүү механизмине терс таасир берген көйгөйлөр аныкталды.

5. Киреше салыгынын мамлекеттик бюджетке жана Социалдык фондго камсыздандыруу чегерүүлөрдүн 2030-жылга чейин түшүүсүн божомолдоо иштелип чыккан. Ал божомолдоонун аралаш методун колдонуу

менен иштелип чыкты. Киреше салыгынын жана социалдык чегерүүлөрдүн жоготуулардын өлчөмүн кыскартуу үчүн конкреттүү чараларды көрүү максатында алардын көлөмү аныкталды.

6. Эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүүсүнүн жаңыртылган уюштуруу-экономикалык механизмин түзүүгө жана Кыргыз Республикасынын эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүүсүнүн алкагында көмүскө мамилелерди жана жоготууларды кыскартууга багытталган чаралар сунушталды.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.** Негизги сунуш-көрсөтмөлөр жана сунуштар Кыргызстандын эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүүсүн мындан ары оптимизациялоонун жүрүшүндө тиешелүү мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндө колдонулушу мүмкүн. Теориялык жана практикалык жоболору «Эмгек рыногу», «Кыргызстандын салык системасы» дисциплиналарын, ошондой эле атайын курстарды окутуу процессинде пайдаланылышы мүмкүн.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү** эмгек рыногунун жана салык системасынын субъектилеринин аракеттеринде көмүскө мамилелерди кыскартуу жана аларды Кыргыз Республикасынын стратегиялык өнүктүрүү багыттары менен өз ара байланыштыруу долбоорлорун иштеп чыгуунун жүрүшүндө мамлекеттик башкаруу органдарынын аларды колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн турат.

**Диссертациянын коргоого чыгарылуучу негизги жоболору:**

- эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүүсүнүн теориялык-методологиялык жолдорун комплекстүү анализдөөнүн негизинде алардын өз ара аракеттешүү механизмдери илимий түрдө негизделген, анын негизги өзгөчөлүктөрү жана өнүктүрүү факторлору аныкталды, эмгек рыногунун такталган аныктамасы сунушталды, анын базалык түзүмү каралып чыкты;

- салыктардын ролу жана функциялары анализге алынды, ошондой эле киреше салыгы менен камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн функцияларынын кыйла кеңири колдонулушун караштырган өнүккөн чет өлкөлөрдүн, алсак, АКШда жана Германияда топтолгон алгылыктуу тажрыйбанын айрым жоболорун колдонуунун негизинде эмгек рыногунун иштөөсүнө алардын кыйла натыйжалуу таасир этүү мүмкүнчүлүгү дагы негизделген;

- эмгек рыногунун жана салык системасынын заманбап абалынын динамикасына жасалган анализ калктын иш жүзүндө жумуш менен камсыз болушун жана салыктарды жана жыйымдарды администрлөөнүн айкын абалынан четтеген, заманбап шарттарда алардын мүнөзүн шарттаган бир катар факторлорду аныктап чыгууга жана системага салууга жол берди. Бул факторлор эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүү механизминде көмүскө мамилелерди өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн түзөт жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна камсыздандыруу чегерүүлөрүн жана мамлекеттик бюджетке түшүүлөрдүн санын төмөндөтүүгө түздөн-түз таасирин тийгизет;

- Кыргызстандын өнүктүрүү парадигмасынын дайыма өзгөрүп туруусу калыптанып калган терс тенденциялардын тамыр алышына алып келет жана кызматкерлердин киреше салыгынан жана камсыздандыруу төгүмдөрүнөн жоготууларды кыскартууга шарттаган эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүү механизмине жаңы инновациялык процесстерди киргизүү зарылчылыгын жаратышат. Атап айтканда, бул чөйрөлөрдү санарипке трансформациялоо, ЕАЭБге мүчө болуу, саясий жана социалдык-экономикалык форс-мажорлор (күтүлбөгөн жагдайлар) өлкөнүн эмгек рыногу жана салык системасынын натыйжалуу өз ара аракеттешүүсүнө ар кандай таасирин тийгизет. Бул изилденип жаткан эки системанын өз ара аракеттешүү механизминде болгон көйгөйлөргө комплекстүү баа берүүнү талап кылды;

- автор тарабынан жасалган божомолдоонун негизинде мамлекеттик бюджетке киреше салыгынан түшүүлөр жана Соцфондго камсыздандыруу чегерүүлөрү биринчи жолу божомолдонгон мезгил аралыгындагы анын абалынын объективдүү картинасына дал келбеген эмгек рыногунда терс тенденциянын масштабын аныктоо жана эмгек рыногунун жана салык системасынын механизмин мындан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү зарылдыгын негиздөө мүмкүнчүлүгү жаралды;

- кыйла натыйжалуу жана адилеттүү салык салуу системасына жетишүү жана өнүктүрүүнүн заманбап этаптарынын өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, алардын өз ара аракеттешүүсүндө көмүскө экономикалык мамилелерди кыскартуу жана ачык-айкындуулукту караштырган Кыргызстанда эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүү механизмин жаңыртуу боюнча иш-чаралар сунушталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Комплекстүү изилдөө Кыргызстандын эмгек рыногунун жана салык системасынын иштөөсүнүн теориялык-методикалык негиздерин жалпылаштырууга, системага салууга жана толуктоого жол берди. Бир катар сунуш-көрсөтмөлөр Жумуш менен камсыз кылуу ассоциациясынын практикалык ишмердүүлүгүнө киргизилди, бул тууралуу киргизүү жөнүндө акт тастыктайт. Бишкек мамлекеттик университетинин экономикалык багытындагы сырттан окуу бөлүмүнүн жогорку курстарынын студенттери арасында мыйзамдуу иштөөгө тоскоолдук кылган себептер жана жайкы каникул мезгилинде иштеген иштери боюнча сурамжылоо жүргүзүлдү. Диссертациялык иштин айрым жоболору К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинде «Эмгек рыногу» курсу боюнча окуу-методикалык иштелмесин жана «Кыргызстандын салык системасы» дисциплинасы боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууда пайдаланылды.

**Изилдөө жыйынтыктарын апробациялоо**. Диссертациялык иштин негизги жыйынтыктары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндама жасалып, талкууланган, анын ичинде: «ЕАЭБ шарттарында Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүү: проблемалар жана аларды чечүү» (Бишкек, К. Карасаев ат. БМУ, 2017); «Кыргызстанды экономикалык жактан өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары» (Бишкек, К.

Карасаев ат. БМУ, 2018); «Кыргызстандын экономикасын инновациялык өнүктүрүүнүн стратегиялары» (Бишкек, К. Карасаев ат. БМУ, 2019), «Заманбап чакырыктар шарттарында экономиканы туруктуу өнүктүрүү көйгөйлөрү» (Бишкек, КРСУ 2021). Ошондой эле, изилдөөнүн жыйынтыктары РФ ЖАК жана КР ЖАК сунуштаган журналдарда жарыяланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук чагылдырылышы**. Диссертациялык иштин негизги жоболору чет өлкөлүк жана ата мекендик 12 илимий басылмада жарыяланган. Илимий басылмалардын жалпы көлөмү 7 басма табагын түзөт.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана 214 булакты камтыган пайдаланылган адабияттардан турат. Илимий иштин тексти компьютерде терилген 177 барактан турат. Анда 19 таблица жана 27 сүрөт камтылган.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн тандалып алынган темасы, анын актуалдуулугу, мамлекеттик илимий программалар менен байланышы негизделип, изилдөөнүн максаты жана милдеттери коюлуп, изилдөөнүн практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү мүнөздөлөт. Коргоого чыгарылуучу негизги жоболор келтирилип, диссертанттын жеке салымы жана изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоонун деңгээли аныкталып, иштин түзүлүшү жана көлөмү берилет.

**«Эмгек рыногун жана салык системасын изилдөөнүн теориялык негиздери»** деп аталган биринчи главада эмгек рыногу, анын иштөө мүнөзү жана заманбап өнүгүү тенденциялары, анын азыркы экономикалык системадагы орду, ошондой эле салык системасынын ролу жана мааниси, анын эмгек рыногуна таасири каралат. Эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүүсүнүн чет өлкөлөрдөгү практикасы өздөштүрүлүп, Кыргызстандын азыркы экономикасында аны колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталган.

Эмгек рыногуна жасалган илимий мамиленин келип чыгуу булагы классикалык саясий экономиканы түптөөчүлөргө барып такалат: У. Петти, Ф. Кенэ, А. Смиту, Д. Рикардо. Экономикалык категория катары эмгек рыногун изилдөөнүн жана жөнгө салуунун теориялык-методологиялык базасы классиктер У. Бевериджа, Е. Домар, Дж. Кейнс, К. Маркс, А.Маршалл, В.Ойкен, А. Оукен, А. Пигу, Дж. Робинсон, М. Фридмен, А. Филипс, Хансен, Р. Харрод, Дж. Ходжсон ж.б. эмгектеринде берилген.

Эмгек рыногунун көйгөйлөрү белгилүү орус окумуштууларынын эмгектеринде дагы изилденген: В.В. Адамчук, Н.А. Волгин, О.Дерин, А.Я. Котляр, Р.Капелюшников, Т.Н. Заславская, Р. Рыбкина, И.С. Маслова, Э.Р.Саруханов ж.б.

Элдердин калкка айлануу, анын кыймылы, эмгек ресурстарын пайдалануу жана эмгектик мамилелердин теориялык жана методологиялык маселелери Чернова Е.П., Кумскова Н.Х., Койчуев Т.К. сыяктуу ата мекендик окумуштуулардын эмгектеринде терең каралган. Алар өздөрүнүн илимий

эмгектеринде эмгек ресурстарынын, эмгек рыногунун, жумуш менен камсыз болуу, жумушсуздук жана миграция көйгөйлөрүнө терең анализ жасашкан. Эмгек рыногу, калктын жумуш менен камсыз болуу жана миграция маселелерин изилдөөгө Кыргызстандын окумуштуулары чоң салым кошушкан. Алардын арасында өзгөчө орунда К.И. Исаков, А.А.Кочербаева, М.Т..Койчуева, Дж.А. Мусаева, А.С. Орозалиева, В.И. Гусева, С.Е. Савина, Л.С. Крыжанова ж.б. эмгектери турат. Изилдөө ишинин методологиялык базасы катары А. Адиеванын, К. Алмакучуковдун, Т.С. Дыйканбаеванын, Р.К. Акназарованын, И. Шатмановдун ж.б. эмгектери пайдаланылды.

Ар түрдүү көз караштарды жыйынтыктап, эмгек рыногунун кийинкидей такталган аныктамасын сунуштайбыз: «Эмгек рыногу – жумушчу күчүн жалдоо, анын наркы жана суроо-талап жана сунуштун мыйзамынын колдонулушунун негизинде ишканадагы эмгек шарттары боюнча жумуш берүүчү менен кызматкердин/жумушчунун ортосунда байланышты камсыз кылган, өлкөдө бекитилген мыйзамдардын негизинде иштеген социалдык-экономикалык мамилелердин жыйындысы». Алардын өз ара аракеттешүүсүнүн жыйынтыгында өлкөдө жумуш менен камсыз болуунун деңгээли белгиленет.

Эмгек рыногунун мамлекеттик түзүмдөр менен байланышы салык системасы аркылуу ишке ашырылат, анын экономикадагы ролу, баарынан мурда, салык базасын көбөйтүүгө, өзүнүн милдеттерин жарандар алдында аткаруусуна, ошондой эле ата мекендик чакан, орто жана ири ишканалардын, ошондой эле өлкөгө инвестицияларды тартуу үчүн чет өлкөлүк фирмалардын иштөөсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган. Ушул максатта, эмгек рыногу жана салык системасынын оптималдуу өз ара аракеттешүүсүн белгилөө боюнча алгылыктуу тажрыйба топтоп койгон чет өлкөлөрдүн, (АКШ, Канада жана Германия), тажрыйбасын өздөштүрүп колдонуу дээрлик пайдалуу болот.

АКШнын азыркы салык системасы федералдык бюджетти, штаттардын бюджетин жана жергиликтүү бюджеттерди киреше менен камсыз кылуучу фискалдык милдеттерге эле жооп бербестен, экономиканы өнүктүрүүнүн куралы катары кызмат өтөйт. АКШнын финансы системасындагы негизги ролу федералдык мамлекеттин бюджеттик механизмине таандык. Кыйла ири жана туруктуу каражаттарды шарттаган салыктар федералдык бюджетке багытталат. Анын үлүшү болжол менен кирешенин жана чыгашанын 70/%ына туура келет. Федералдык кирешелердин басымдуу бөлүгүн тике салыктар түзөт. Кирешенин эң ири статьясы болуп, жарандардан алынган киреше салыгы эсептелет. Салык өсүш арымы боюнча алынат жана Кыргызстандын салык системасында пайдаланууга боло турган өбөлгө түзүүчү функциясы жигердүү колдонулат.

Канада – борбордон бөлүштүрүлүүчү мамлекет болуп саналат, анда провинциялар улуттук экономиканын жана социалдык өнүктүрүүнүн өзөктүү тармактарына чоң таасирин тийгизет. Канаданын экономикалык жөнгө салуусунда салыктарды координациялоо чоң ролду ойнойт. Канадада борбордон бөлүштүрүү социалдык саясатты жергиликтүү керектөөлөргө

ыңгайлаштырууга көмөк көрсөтөт,  ошол эле учурда салык салуунун бирдей деңгээлдеринде коомдук кызматтардын бирдиктүү стандарттарын колдоого алуу үчүн жетишээрлик кирешелерди провинцияларга камсыз кылат. Канаданын салык системасы заманбап шарттарда негизги үч деңгээлде иштейт: федералдык,провинциялык, жергиликтүү.

Канаданын федералдык бюджетинин негизги бөлүгүн  киреше салыгы түзөт, ал туруктуу негизде көбөйүп турат. Бул мамлекеттин салык системасы дээрлик татаал, ошол себептен Канаданын тажрыйбасын Кыргызстандын шарттарына ыңгайлаштырууга кыйын.

Германияда, биздин пикирибизде, киреше салыгын жана камсыздандыруу чегерүүлөрүн төлөө менен мыйзамдуу жумушка орноштурууну тыгыз байланыштырган механизм түзүлгөн. Алар өлкөнүн пенсия фондуна түшөт. Бул механизмде эмгек рыногуна жана киреше салыгына төлөөгө таасиринен улам пенсия системасынын уюму жетектөөчү ролду ойнойт. Бул механизм жалданган/ишке тартылган кызматкерлердин/жумушчулардын мыйзамдуу жумушка орношуусуна кызыкдар болуусун жогорулатууну, пенсиялык фондго  камсыздандыруу чегерүүлөрүн жана булактан киреше салыгын толук төлөттүрүүнү көздөйт. Бул эмгек рыногу жана салык системасынын өз ара аракеттешүү механизминде көмүскө мамилелерди кескин кыскартууну шарттайт, ошондой эле кызматкерлердин/жумушчулардын мыйзамдуу жумушка орношуусуна кызыкдар болуусун жогорулатат. Анткени бул иштөөгө жөндөмдүү убакта да, карыган учурда дагы социалдык жактан корголушун камсыз кылат. Ошол себептен ар бир кызматкер/жумушчу эмгектин жогорку өндүрүмдүүлүгүндө кыйла жогорку эмгек акыга жана канааттандырарлык пенсияга кызыкдар боло баштайт. Бул жагынан алганда, Германиянын салык системасында , баарынан мурда Кыргыз Республикасынын пенсияны чегерүү тартибинде колдонууга боло турган айрым жоболор бар.

Пенсиянын өлчөмү төмөнкүдөй формула боюнча эсептелет:

Renta=EP*ZF*RAF*aRW аркылуу эмгек ишмердүүлүгүнүн бүтүндөй мезгили ичинде иштеп тапкан коэффициенттерди көбөйтүү,

EP – топтогон баллдардын суммасы, алар пенсионердин жана өлкө боюнча орточо эмгек акынын ортосундагы айырмага көз каранды болот.

ZF – чыккан коэффициенттин өлчөмү. Кызматкер/жумушчу пенсиялык куракка жетээри менен пенсияга чыккан учурда ал 1ге барабар, эгер пенсияга эрте  же пенсия курагынан кеч чыккан учурда, коэффициент пропорционалдуу эсептелет.

RAF- калктын ар кыл топтору үчүн пенсия чегерүүнүн көрсөткүчү: эгер пенсиялык курак боюнча  болсо -1; майыптуулугу боюнча коэффициент – 0,5, жесир же эмгекке жарамдуу болбосо (иждивенец) – 0,5.

aRW- пенсиялык баллдын евро менен берилген баасы, ал өлкөдөгү жагдайды, чегерүүлөрдүн өлчөмдөрүн, демографиялык абалды эске алуу менен эсептелет.

Пенсиялык салык дагы бар, аны дайындоо төмөнкүдөн турат.

Киреше (пайда) алып келе турган пенсиянын бөлүгү салыктан алынат, ошол себептен пенсия эки бөлүккө бөлүнөт:

- кирешесиз – бул пенсионердин камсыздандырууга чегерүүлөрү;
- кирешелүү, ал буга чейин социалдык чегерүүлөргө жасалган пайыздардан, башка жактардын каражаттарынан түзүлөт (ошондуктан кызматкер/жумушчу камсыздандырууга чегерүүлөрдүн өлчөмүнө кызыкдар болот). Эсептөө учурунда пенсияга чыккан убактысы алынат.

Кыргыз Республикасы – өз алдынча суверендүү мамлекет катары өзүнүн салт-санаасына, социалдык-экономикалык өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө ээ. Ошондуктан өнүккөн өлкөлөрдүн эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүү механизмин толугу менен көчүрүп ала албайт. Бирок, ошол эле учурда өнүккөн өлкөлөрдөгү келип чыккан өз ара аракеттешүүсүнүн алгылыктуу практикасын өздөштүрүү жана Кыргызстандын бул түзүмдөрүнүн өз ара аракеттешүү механизмине Германия менен АКШнын тажрыйбасынан алынган айрым алгылыктуу инструменттерди трансформациялоо пайдалуу болот.

**«Кыргызстандагы эмгек рыногунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүүсү»** деген аталыштагы экинчи главада Кыргызстандын эмгек рыногунун азыркы абалы, салык системасынын түптөлүшү менен өнүгүшү жана заманбап шарттарда эмгек рыногуна салык системасынын таасири дагы изилденди.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп, Кыргызстандын эмгек рыногу жана анын жумушчулар тарабынан киреше салыгын төлөө маселеси боюнча салык системасы менен байланышы жана Кыргызстандын социалдык фондуна камсыздандыруу чегерүүлөрү саналат.

**Изилдөө предмети** болуп, рыноктук экономиканын шарттарында көмүскө экономикалык мамилелердин өз ара мамилелерин четтетүү максатында Кыргыз Республикасынын экономикалык системасын өнүктүрүүнүн алкагында эмгек рыногунун абалына салык системасынын таасири эсептелет.

**Изилдөө методдору.** Алынган жыйынтыктардын негизделгендиги жана ишенимдүүлүгү автор тарабынан жалпы илимий изилдөө, эмпирикалык (адабиятты өздөштүрүү жана иш жыйынтыктары, салыштыруу жана анкеталык сурамжылоо), статистикалык-математикалык изилдөө методдору, таблицалык жана графикалык методдорду, статистикалык маалыматтарды визуалдаштыруунун жолдорун колдонгондугу менен шартталган.

Кыргыз Республикасында түп-тамырынан бери жасалган реформалар теңдик жана социалдык адилеттүүлүк принциптеринде чарбага ээлик кылуунун рыноктук системасын түзүүгө багытталган. Бирок дал ушул трансформациялоочу мезгилде калкты иш менен камсыз кылуу жана социалдык коргоого алынышы системасы андан дагы чоң үзгүлтүккө учураган. Анда бир катар себептерден улам, өлкөдө социалдык-экономикалык кырдаалдын туруксуздугуна алып келүүчү жарылуучу жагдай түптөлгөн. Ушуга байланыштуу, эмгек чөйрөсүндө социалдык-экономикалык мамилелерди жөнгө салуунун объективдүү зарылчылыгы келип чыкты. Анын

абалы жумушчу күчүн сарамжалдуу пайдалануу системасынын түптөлүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизет. Бирок эмгек чөйрөсү демейки абалда иштеши үчүн эмгек рыногунун үч субъектиси: кызматкерлер/жумушчулар, жумуш берүүчүлөр жана мамлекет ортосунда кызыкчылыктардын тең салмагын камсыз кылуу зарыл.

Кыргызстанда калктын туруктуу өсүү тенденциясы күчүндө. Ушундайча, 2020-жылы Кыргыз Республикасынын калкы 2010-жылга салыштырганда 924,7 миң адамга өскөн. Алардын ичинен эркектер 49,6 пайыз же 3 291,8 миң адам, ал эми аялзаты - 50,4 пайыз же 3 344,9 миң адам. Шаар жеринин жашоочулары 2 282,6 миң адамды же 34,4 пайызды, ал эми айыл жеринде жашоочулар - 4 354,2 миң адамды же 65,6 пайызды түзөт (2.1-таблица). Төрөлүү жана өлүү көрсөткүчү өлкөдө калктын кайта өндүрүүсүнүн кеңейтилген режимин күбөлөндүрөт.

**2.1-таблица. – Кыргыз Республикасынын негизги демографиялык көрсөткүчтөрү**

| | 2000 | 2005 | 2010 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын туруктуу саны (жылдын аягында) – бардыгы болуп, миң. адам: | 4922,0 | 5189,2 | 5477,6 | 6019,5 | 6140,2 | 6256,7 | 6389,5 | 6523,5 | 6636,8 |
| Шаардык | 1705,9 | 1796,5 | 1861,7 | 2029,5 | 2073,9 | 2121,0 | 2173,6 | 2173,7 | 2282,6 |
| Айылдык | 3216,1 | 3392,7 | 3615,9 | 3990,0 | 4066,3 | 4135,7 | 4215,9 | 4215,8 | 4354,2 |
| Жалпы санынын ичинен кийинкидей курактагы калк: | | | | | | | | | |
| Эмгекке жөндөмдүү курактан жашыраак | 1806,8 | 1729,0 | 1771,3 | 2007,9 | 2063,9 | 2119,5 | 2188,5 | 2254,8 | 2299,2 |
| Эмгекке жөндөмдүү | 2680,0 | 3039,9 | 3347,1 | 3585,7 | 3628,4 | 3665,1 | 3701,9 | 3742,7 | 3787,8 |
| Эмгекке жөндөмдүү курактан улуу | 435,2 | 420,3 | 359,2 | 425,9 | 447,9 | 472,1 | 499,1 | 526,0 | 549,8 |

Булагы: бир катар жылдар үчүн «Кыргызстан сандарда» статистикалык жыйнагы боюнча түзүлгөн, КР УСК.

Бул маалыматтардын негизинде республикада саны жана сапаты боюнча эмгекке жарамдуулардын потенциалы жогору экендигин айтууга болот. Алардын иши өлкөнүн натыйжалуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыздай алат. Бирок, учурда Кыргызстанда эки карама-каршы тенденция: экономикалык өсүш өзүнүн туруксуздугу менен айырмаланат, ал эми башка тарабынан калктын эмгекке жарамдуу курагында жогорку өсүш арымы орун алган, бул эмгек рыногунда ашыкча тең салмактуулукка жана анын эмгекти ашыкча өндүрүүсүнө алып келет. Мындай тенденция төрөлүүнүн жогорку көрсөткүчүнөн жана ага салыштырмалуу өлүмдүн

коэффициентинин мааниси төмөндүгүнөн улам дагы узакка улантылат. Эмгек рыногуна жыл сайын экономикалык жактан активдүү калктын ири бөлүгү чыкканда жана иштей ала турган жана иштөөнү каалаган эркин жумушчу күчүнүн сунушунун жогорку деңгээлин жаратkan, ошол эле учурда түздөн-түз жумуш менен камсыз болгон калк калктын экономикалык активдүү бөлүгүнүн 94,2%ын (2.2-таблица) түзгөн, 2010-жылы бул көрсөткүч 91,2% болгон шартта, төрөлүүнүн жогорку деңгээли жана калктын эмгекке жарамдууларынын өсүшү ушундай тенденцияны жаратат.

**2.2-таблица – Кыргыз Республикасынын калкынын экономикалык жактан активдүүлөрүнүн санынын динамикасы**

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Экономикалык жактан активдүү | 2377,8 | 2504,2 | 2544,3 | 2547,4 | 2525,2 | 2538,7 | 2583,6 | 2595,4 |
| Анын ичинде: | | | | | | | | |
| Жумуш менен камсыз болгондор, миң адам | 2168,1 | 2302,7 | 2352,1 | 2363,7 | 2351,2 | 2382,5 | 2442,7 | 2445,2 |
| Жумуш менен камсыз болгондор, % менен | 91,2 | 91,9 | 92,4 | 92,8 | 93,1 | 93,8 | 94,5 | 94,2 |

Булагы: КР Улуттук статистика комитети, «Жумуш менен камсыз болгондор» бөлүгү, 1.07.00.01 «Экономикалык жактан активдүү жана активдүү болбогон калк»

Азыркы тапта Кыргызстанда жумуш менен камсыз болгон калктын саны 2445,2 миң адамды түзөт.


Жумуш менен камсыз болгондордун көпчүлүк саны айыл чарбасына, дүң жана чекене соодага, өндүрүшкө жана курулушка туура келет. Каралып жаткан мезгилде республикада калктын жумуш менен камсыз болушунун абсолюттук өсүшү 201,5 миң адамга барабар, ал эми өсүш арымы 109,0 %ды түздү. Ошол эле учурда экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча жумуш менен камсыз болгондордун катышы өзгөрдү, бул 2.1-сүрөттө көрүнүп турат.




**2.1-сүрөт. Кыргыз Республикасынын экономика секторлорунда жумуш менен камсыз болгондордун санынын динамикасы**

Булагы: КР Улуттук статистика комитетинин бир катар жылдарга маалыматтары


Калктын экономикалык жактан активдүүлөрүнүн жогорку деңгээли жумушчу орундарын көбүрөөк санда түзүүнү талап кылат. Эмгек рыногун анализге алууда башкы көрсөткүч болуп жумушчу орундарды түзүү маселеси эсептелет. Бул жумушчу күчүнө болгон суроо-талаптын көз карашынан алганда, эмгек рыногунун абалынын көрсөткүчү эле эмес, бүтүндөй алганда социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн деңгээлинин кыйыр түрдө тастыктамасы болуп саналат. 2.2-сүрөттө көрүнүп тургандай, республикада ишканалардын саны көп. Анализге алынган мезгил ичинде алардын саны 63,5 %га өстү, ага ылайык жумушчу орундардын дагы саны өсүүдө.




**2.2-сүрөт. Кыргыз Республикасында иштеп жаткан ишканалардын динамикасы**

Булагы: Бир катар жылдар үчүн «Кыргыз Республикасынын финансы ишканалары» статистикалык жыйнагынын маалыматтары боюнча түзүлгөн, КР УСК.

Бирок жумушчу орундарын толтурууга алардын сапаты таасирин тийгизет: престиждүүлүк, эмгекке төлөө, эмгек шарттары ж.б. Бул көз караштан алганда, түзүлгөн жумушчу орундарынын олуттуу бөлүгү суроо-талаптуу болбогондуктан, абал өзгөрбөгөн бойдон калууда. Болбосо, экономикада жумуш издеген жумушсуздар болсо дагы, аларды баарынан мурда төмөнкү эмгек акы канааттандырбайт. Анткени, мындай жумушчу орундарда иштөө иштеген кедей адамдардын пайда болуусуна шарттарды түзөт (2.3-сүрөт).



**2.3-сүрөт. Кыргыз Республикасында бош орундардын, жумушка орношкондордун жана жумушсуздардын санынын катышы, (миң. адам)**

Булагы: «Жумуш менен камсыз болуу жана жумушсуздук» статистикалык жыйнактын маалыматтары боюнча түзүлгөн.

Пайда болгон бош орундарга жумушка орноштуруу боюнча келтирилген маалыматтар жумушка орношкондор менен бош калган орундар ортосундагы айырма беш жыл ичинде 3,8 миң - 8,4 миң бош орундун аралыгындагы интервалда экендигин күбөлөндүрөт. Бул, орду толукталбаган бош орундар аз айлык төлөнгөн жана көп эмгекти талап кылган натыйжасыз жумушчу орундардан болуп саналат жана анда социалдык кепилдиктер камтылбайт. 2019-жылы жумушка орношууну каалагандардын саны бир бош орунга жыйырма бир адамга чейинки санды түзсө, 2020-жылы бул көрсөткүч бир бош орунга 45 адамга чейинки көрсөткүчтү түзүп, анын саны кескин өскөн. Бул COVID-19 улам экономиканын көрсөткүчү төмөндөп кетүүсү жана эмгек мигранттарынын мекенине кайтуусу менен түшүндүрүлөт.

Кыргызстанда жумушсуздар объективдүү себептерден улам жумушка орноштуруу кызматтарында катталгандардын саны анчалык көп эместигин белгилей кетүү зарыл. Алсак, 2010-жылы 212,3 миң жумушсуздун ичинен болгону 63,4 миң адамдын жумушсуз деген расмий макамы болгон. 2020-жылдын 1-январына карата расмий түрдө (катталган) жумушсуздардын саны өлкө боюнча 3%ды түзгөн. Кыргызстанда жумушсуздардын расмий деңгээли, эгер жыл сайын берилген көрсөткүчтөрдүн көз карашынан алганда, 2–3% чегинде, ошол учурда жалпы жана расмий түрдө жумушсуздардын деңгээлдери ортосундагы айырма орточо алганда 5%дан ашат. Бул 100дөн 130 миң адамга чейинкини түзөт, алар өз алдынча жумуш табууга далалат кылышат.

Дагы бир өзгөчөлүк болуп, өлкөдө экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча эмгек акыларды дифференциациялоонун жогорку деңгээли болгон жагдай эсептелет (2.3-таблица).

**2.3-таблица – Кыргыз Республикасынын экономикалык ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча эмгек акынын орточо эмгек акысы (сом)**

| Көрсөткүчү | 2010 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2010-жылга карата 2020 өсүш арымы % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы болуп экономикада | 7 189 | 14847 | 15670 | 16427 | 17 232 | 18940 | 263,5 |
| Айыл чарбасы | 4 360 | 9010 | 9643 | 10 084 | 10 186 | 10479 | 240,3 |
| Иштеп чыгуу өндүрүшү | 10 986 | 21162 | 24026 | 24253 | 25 697 | 31221 | 284,2 |
| Курулуш | 8 012 | 12384 | 13156 | 14549 | 14 853 | 15748 | 196,6 |
| Дүң жана чекене соода, автоунаалардын ремонту | 7 200 | 13150 | 13958 | 14417 | 14 109 | 14926 | 207,3 |
| Фин. ортомчулук жана камсыздандыруу | 18 768 | 30157 | 33038 | 34019 | 35 637 | 35343 | 188,3 |
| Билим берүү | 3 991 | 10862 | 11095 | 11369 | 12 412 | 14764 | 369,9 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык камсыздандыруу | 4 218 | 9728 | 9947 | 10313 | 10 809 | 10937 | 259,3 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүк | 8 424 | 18197 | 20690 | 21760 | 23 566 | 24017 | 285,1 |

Булагы: бир катар жылдар үчүн «Кыргызстан сандарда», УСК КР жана автордун эсептөөлөрү

Жумуш менен камсыз болуунун абалына көмүскө экономика жана көмүскө жумуш менен камсыз болуу таасирин тийгизет. Расмий экономикада натыйжалуу жумушчу орундардын тартыштыгы көмүскө жумуш менен камсыз кылууну көбөйтүүгө алып келет, анын өлчөмү дээрлик көмүскө экономиканын масштабдары менен алдын ала аныкталат.

Келтирилген маалыматтардан улам, эмгек рыногундагы тенденция алгылыктуу экендиги, анткени экономикалык жактан активдүү калктын 90 %дан ашыгы эмгек миграциясын эске алуу менен, жумуш менен камсыз болгондугун көрүүгө болот.Бул процессте Кыргызстандын ЕАЭБге 2015-жылы мүчө болушуна байланыштуу Кыргызстандын эмгек мигранттары үчүн шарттардын жакшыруусу алгылыктуу болду.

Бирок, ошол эле учурда комплекстүү, терең жүргүзүлгөн анализ Кыргызстандын эмгек рыногунда жетиштүү деңгээлде көйгөйлөр бар деп тыянак чыгарууга болорун көрсөттү. Алардын арасында кыйла татаал жана маанилүүсү катары төмөнкүлөр эсептелет:

– жумушка орноштурууну талап кылган, республиканын калкынын табигый өсүшү менен шартталган активдүү эмгекке жарамдуу куракка киришкен адамдардын туруктуу, бирдей калыптагы өсүшү, бирок натыйжалуу жумушчу орундун жетишээрлик деңгээлде саны болбогондуктан эркин жумушчу күчүнүн сунушу ага болгон суроо-талаптан ашат, ошол себептен Кыргызстандын эмгек рыногу ашыкча эмгекке жарамдуулардын сунушуна ээ, ашкере тең салмактанган катары саналат;

– өлкөдөн квалификациялуу кадрлардын олуттуу саны кетип жатышына алып келген эмгек миграциясынын жогорку деңгээли, бул өз кезегинде, республикада калып жаткан эмгек ресурстарынын кесипкөй да, интеллектуалдык дагы деңгээли байкалаарлык деңгээлде төмөндөп жаткандыгына алып келет;

– эмгек миграциясына негизги түрткү берүүчү мотив болуп, экономикалык себептер эсептелет. Алардын арасында жумушсуздук, калктын жакырдыгы, кесипкөй кадрларга суроо-талап менен эмгек рыногунда аларга болгон сунуштун ортосунда олуттуу диспропорциянын болушу;

- калктын жакырлык деңгээлинин бийиктиги. Алсак, 2010-жылы калктын жакырлык деңгээли 33,7% түзсө, 2016-жылы ал 25,6 % түзгөн. 2019-жылы 20,1%, ал эми 2020-жылы 25,3%га чейин жогорулап, бул COVID-19 пандемиясы менен шартталган. Жакырлык абалы мигранттардын акча которууларына байланыштуу белгилүү бир деңгээлде курч байкалган эмес. Ар бир мигрант орточо алганда жылына 2 миң АКШ долларын мекенине которот. 2020-жылда акча которуулардын көлөмү 2 миллиард 377 миллион долларды түзгөн;

– четтөө, эксперттердин баа берүүлөрү боюнча экономиканын формалдуу эмес секторуна экономикалык жактан активдүү калкты ири масштабда тартуудан улам келип чыгуучу эмгек мамилелеринин бүтүндөй системасынын кризиси. Биз дагы буга кошулабыз, 50%дан ашуунду түзөт жана жумуш менен камсыз болуу тиешелүүлүгүнө жараша ушул чекте турат;

– жумуш издөө сыяктуу эле, жумушка орношууда дагы белгилүү бир кыйынчылыктарды башынан кечирүүчү жарандардын бир катар категориялары үчүн, атап айтканда, жаштар, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, пенсияга жакындап калган курактагылар, жаш балалуу аялдар ж.б. жумушка ээ болуу мүмкүнчүлүгү анчалык жогору эмес;

– кесипкөй кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, даярдоо жана кайра даярдоо процессинде жумуш берүүчүлөрдүн бул ишке тартылыш деңгээлинин төмөндүгү;

– жумушсуздук боюнча жөлөк пул менен бир күндүк жашоо минимумунун өлчөмү ортосундагы олуттуу айырманын болушу;

– жумушсуздук, көмүскө жумуш менен камсыз болуу жана тышкы эмгек миграциясынын иш жүзүндөгү саны тууралуу маалыматтардын чындыкка дал келбестиги;

– республиканын жумуш менен камсыз кылуу кызматынын натыйжасыз ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгында эмгек рыногун божомолдоо жана мониторинг жүргүзүү системасынын иш жүзүндө жоктугу.


Эмгек рыногунун жана көмүскө жумуш менен камсыз болуунун абалына салык системасы, киреше салыгы жана социалдык төлөмдөр олуттуу таасирин тийгизет. Эмгек рыногунун субъектилеринин аракети дагы кошулат: жумуш берүүчүлөрдүн жана ишке тартылган кызматкерлердин/жалданма жумушчулардын аларды төмөндөтүүгө аракети, салык системасы менен ишке тартылган кызматкерлердин/жалданган жумушчулардын ортосунда терс, коррупциялык байланыштарды жаратат. Жаралган жагдайдан улам экономикалык ишмердүүлүктү жөнгө салуучу механизмдердин бири катары салык салуу системасын андан ары реформалоо үчүн салык системасынын ишин кайрадан карап чыгуу зарылдыгы жаралды.

Экономиканы көмүскөгө кетирүү алгылыксыз процесске түрткү кылууда, ал «конверт менен» эмгек акы алуучу жалданма жумушчулардын саны олуттуу өсүшү менен көрүнүүдө. Алар социалдык фондго чегерүүлөрдү төлөшпөйт. Салык кызматынын ишмердүүлүгүн бул этапта кийинкидей маалыматтар боюнча байкоого болот.

2020-жылы республика боюнча салык жыйымдарынын жалпысынан көрсөткүчү жогорулап, ал эми жергиликтүү бюджетке түшүүлөрдүн көлөмү азайган (2.4-сүрөт).

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Биримдик. Ишеним. Жаратмандык» программасын жүзөгө ашырууга багытталган Мамлекеттик салык кызматынын эки пилоттук башкармалыктарында камсыздандыруу чегерүүлөрүн администрациялоо пилоттук долбоорунун жүрүшүндө, КРӨкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы №648 2019-жылдын 15-январынан тартып Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан Мамлекеттик салык кызматына камсыздандыруу төгүмдөрүн администрациялоо функцияларын толугу менен өткөрүп берүү жөнүндө токтому апробацияланган. Камсыздандыруу социалдык төгүмдөрдү Мамлекеттик салык кызматына администрациялоону өткөрүп берүү салык

төлөөчүнүн милдеттүү салыктарды төлөөлөр жана төлөмдөр боюнча иш-аракеттеринин ырааттуулугун жеңилдетет.




**2.4-сүрөт. Бюджет боюнча МСК жыйымдары**

Булагы: https://www.sti.gov.kg

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине салыктардын түшүүлөрүнө жүргүзүлгөн анализ, бир катар чарбага ээлик кылуучу субъектилер планда көрсөтүлгөн көрсөткүчтөрдү аткарбагандыгын тастыктаган. Бул республиканын мамлекеттик бюджетине 1820,0 млн. сом суммасында салыктарды жеткире төлөбөй коюуну шарттаган. Бирок

Салыктардын бүтүндөй системасынын арасында ишмердүүлүктүн түрүнө жана көлөмүнө, ошондой эле социалдык фондго төлөмдөргө жараша, салыктык чендер аркылуу эмгек рыногун калыптандыруу жана өнүктүрүүгө түздөн-түз таасирин тийгизген салыктар бар. Жеке жактар үчүн салык мыйзамдары 2010-жылдын 1-январынан тарта эмгек акысынан 10% өлчөмүндө киреше салыгын белгилейт. Бул чен кадыресе көрүнүш болгону менен жана салык төлөөчүлөргө ашыкча түйшүк артпаса дагы, кызматкер/жумушчу Социалдык фондго 10 % өлчөмүндө жана жумуш берүүчү дагы соцфондго 17,25% төлөйт. Ошол эле учурда 2020-жылы орточо статистикалык эмгек акынын өлчөмү 18940 миң сомду түзгөндүгүн жана Кыргызстанда бир күндүк жашоо минимуму ар кандай демографиялык топтор үчүн 5-6 миң сомду түзөөрүн эске алсак, биринчи кезектеги керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн баарыбир эмгек акысынын жарымы коройт. Андан улам төлөмдөрдү төлөөдөн качууга аракет кылышат. Ошол себептен алар жумушсуз болуп саналат, бул эмгек рыногундагы айкын жагдайды айкын билүүдөн алыстатат.

Салык төлөөчүлөр, салык төлөөгө болгон аракетин кыйшаюусуз аткаруу абалын сактоосу үчүн, аны төгүүдөн качпагыдай болуп, салыктар экономикалык жактан пайдалуу, ыңгайлуу жана коопсуз болгудай шарттарды түзүү зарыл. Натыйжалуу салык саясатын ишке ашырууга кадамдар төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- жалпы салык жүгүн жеңилдетүү;
- экономикалык жактан активдүү калктын тышкы экономикалык ишмердүүлүгүнүн өсүшү үчүн шарттарды түзүү;
- инвестицияларды өбөлгөлөө;
- мамлекеттин жалпы бюджетине салыктык түшүүлөрдү башкарууну жана бөлүштүрүлүшүн оптимизациялоо;
- Мамлекеттик жана социалдык программаларга салыктык түшүүлөрдөн финансылык каражаттарды милдеттүү жана максаттуу сарптоо.

Рыноктук системанын курамдык бөлүгү катары эмгек рыногу, бүтүндөй рыноктук системанын бардыгы сыяктуу ошол эле мыйзамдар менен иштейт. Бирок бул жерде жөнгө салуучу катары мамлекет салыктарды колдонуу менен рыноктун кемчиликтерин жокко чыгарат. Ушундан улам, салык системасынын натыйжалуу иштешинде өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарын, жумуш берүүчүлөрдүн, кызматкерлердин/жумушчулардын жана бүтүндөй калктын кызыкчылыктарын ишке ашыруусун камсыз кылуу менен, эмгек рыногунун аракеттерине оң таасир болот. Бирок, өлкөдө жылыш болгон жок, бул жагдай салык системасында бардыгы алгылыктуу жүрбөй жаткандыгынан кабар берет. Бир катар көрсөткүчтөр бар, аны: ири чарбага ээлик кылуучу субъектилердин белгилүү бир бөлүгүндө салык боюнча узакка созулган ири карызынын болушу, салык төлөөдөн качуу, кирешесин жаап-жашыруу, көмүскө экономиканы жана көмүскө жумуш менен камсыз кылууну өнүктүрүү, жумуш берүүчүлөр менен салык инспекторлорунун коррупциялык бүтүмдөрү, негизделбеген жеңилдиктер жана чарбага ээлик кылуучу субъектилердин бир катарларына преференциялар, анын натыйжасында – эмгек рыногунда ж.б. көмүскө экономиканын өсүшү сыяктуу фактылар тастыктайт.

Көптөгөн эксперттер, Кыргызстандагы көмүскө экономика расмий маалыматтардан айырмаланып, алардын саны алда канча көп жана 39 пайызды түзөт деп эсептешет. Башка эксперттер белгилегендей, КР көмүскө экономика 60 %га чейин жетет. Биз алардын пикирине кошулабыз. Антсе да, расмий көмүскө экономика 25 % деңгээлинде. Ошол себептен, көмүскө жумуш менен камсыз болуучулук, расмий түрдө 60 % чекте дагы болушу керектигин ишенимдүү айтууга болот.

Ушундай түрдө, эмгек рыногунун жана салык салуунун көйгөйлөрүн чечүү өндүрүштүк сыяктуу эле, эмгек чөйрөлөрүндө дагы көмүскө мамилелерди кыскартуу максатында салык төлөөчүлөр менен салык системасынын өз ара мамилелеринин системасын болушунча шайкеш келтирүү үчүн комплекстүү мамилени талап кылат.

**«Ишкердик жана салык кызматынын эмгек мамилелерин уюштуруудагы көйгөйлөр»** деп аталган үчүнчү главада эмгек рыногунун

жана салык системасынын өз ара аракеттешүү көйгөйлөрү аныкталды, ошондой эле көмүскө эмгек мамилелерин кыскартуу жана Кыргыз Республикасында салык жыйымдарын жана төлөмдөрдү көбөйтүү, биринчи кезекте киреше салыгын төлөө жана камсыздандыруу чегерүүлөрүн өлкөнүн социалдык фондуна төлөөнү көбөйтүүнүн негизги багыттары сунушталды. Кыргызстанда мыйзамсыз ишке тартылган кызматкерлердин/жалданган жумушчулардын саны ишканаларда жумуш менен камсыз болгондордун дээрлик жарымынан көбүн түзөт. Бул мамлекеттик бюджетке жана соцфондго салыктардын жана төлөмдөрдүн түшүүсүн олуттуу түрдө төмөндөтөт. Көмүскө экономикадан улам, кирешени жаап-жашырууга, салык кызматынын кызматкерлери, жумуш берүүчүлөр жана мамлекеттик чиновниктер арасында коррупциянын күч алышына чоң мүмкүнчүлүк жаралды. Кыргызстанда чарбага ээлик кылуучу субъекттерди каттоодо жана отчет берүүлөрүндө чоң айырмачылыктар кездешет. Катталган жана отчет берген чарбага ээлик кылуучуларды так эсепке алуу жолго коюлган эмес. Алсак, расмий маалыматтарга ылайык, республикада 487589 чарбага ээлик кылуучу субъект бар, ал эми салык системасына отчет бергендер болгону 63% катталган ишкана. Бул ишкерлердин белгилүү бир бөлүгүнө салыктарды жана камсыздандыруу чегерүүлөрүн төлөөдөн качууга жол берет. Патенттердин жарактуулук мөөнөтүн жана аларды узартуунун талаптагыдай эсепке алынышы жок.

Соцфондго жогорку чен менен чегерүүлөргө байланыштуу ишке тартылган кызматкерлердин/жалданган жумушчулардын эмгек акысы атайылап эле «өздүк бухгалтерияны (чёрная бухгалтерия)» киргизүү жолу менен азайтылып көрсөтүлөт, ошондой эле жумушчулардын жарымы жумушка орношуу тууралуу расмий келишими жок иштешет. Мындан улам жогоруда айтылгандай конвертте берилген эмгек акы түптөлөт. Эсептөөлөрдө 95 % накталай акча басымдуулук кылгандыктан, патенттик системаны администрациялоодо кыйынчылыктар болот. Жыйынтыгында кирешелердин көбү көмүскө жүгүртүүдө кала берет.

Өзгөчө орунду өлкөдө коррупциянын жогорку деңгээли, укуктук ченемдердин чабалдыгы жана кирешелерин жана мүлкүн декларацияда көрсөтпөгөндүгү үчүн жоопкерчиликти жөнгө салуучу механизмдердин жоктугу талапты бузуучулардын минималдуу жаза чарасын тартуусуна жана таптакыр андан качып кетүүсүнө жол берет. Натыйжада, өлкөдө киреше салыгын жана камсыздандыруу чегерүүлөрүн толук төлөбөгөндүн жогорку салыштырма салмагы бар. Муну автор тарабынан түзүлгөн экономикалык-математикалык модель көрсөттү.

Белгиленген көйгөйлөрдү чечүү үчүн төмөнкүдөй иш-чараларды жүзөгө ашыруу сунушталат:

- экономикалык жактан активдүү калктын кирешелери жана чыгашаларын милдеттүү түрдө декларацияда көрсөтүү, бул мыйзамсыз эмгек мамилелерин кыскартууну шарттайт;
- ишкерлер ылайыкташканына байланыштуу ККМ аркылуу кардарлардын тейленишинин милдеттүү түрдө эсебин жүргүзүү;

- өлкөдө накталай акча жүгүртүүнү кыскартуу;

- жалпы жумушсуздукту кыскартуу максатында катталган жана отчет берген чарбага ээлик кылуучу субъектилерди эсепке алууну жолго коюу;

- минималдуу эмгек акыны бир күндүк жашоо минимуму деңгээлинде белгилөө;

- бир күндүк жашоо минимуму деңгээлинде эмгек акы алуучу жеке жактарды салык төлөөдөн бошотуу, ошол эле учурда пенсияга чегерүү мүмкүн болбой турган Социалдык фондго төлөөлөрдү гана калтыруу;

- салык органдарынын жана салык төлөөчүлөрдүн Салык кодексинин беренелерин бузгандыгы үчүн материалдык жана жазык жоопкерчилигин жогорулатуу.

2015-жылы бекитилген «Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» мыйзамга төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү:

- жумушсуздук боюнча жөлөк пулду кызматкердин/жумушчунун камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн өлчөмүнө жакындаштыруу менен жумушсуздук боюнча жөлөк пулдун өлчөмүн жогорулатуу, 12-24 ай камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн стажына ээ адамга жумушсуздук боюнча жөлөк – 400 сом; 25-36 ай стажы болгон шартта жөлөк пул - 600 сом; камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн стажы 37-60 ай болгон учурда жөлөк пул - 800 сом; камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн стажы 61-120 ай болгон шартта, жөлөк пул - 1000 сом; камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн стажы 121 ай жана андан жогору болгон учурда жөлөк пул - 1100 сом.

- кызматкердин/жумушчунун ишканада ээлеген кызмат орду боюнча эмгек акысынын 40%ына чейин коомдук иштер боюнча эмгек акысынын өлчөмүн көбөйтүү.

Сунушталган чаралар, биздин көз карашыбызда, салык системасы менен эмгек рыногунун субъектилери ортосунда өз ара мамилелердин жакшыруусун жана коррупциялык байланыштардын азаюусун шарттайт.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

Азыркы мезгилге чейин бардык тарабы айкалыштырылган жана акыр-аягына чейин иштелип чыккан салык саясаты жок. Ар бир өлкөдө салык жыйноо бир катар терс процесстерди аныктайт. Алар Кыргызстанда эмгек мамилелери системасында кеңири жайылтылган. Салык төлөө жана жыйноо учурунда терс процесстерди азайтуу үчүн мамлекеттик түзүмдөр салык системасынын аракеттерин оптимизациялоо үчүн көптөгөн иштерди жасашууда. Ошондой эле эмгек рыногунда салык салуунун натыйжалуу жана адилеттүү методикасын түзүү үчүн практикалык иш-чараларды өткөрүп келишет. Билдирилген максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн биринчи кезекте салык процесстерин жана салык салуунун теориялык-методологиялык негиздерин терең түшүнүү маанилүү.

Эмгек рыногу жана салык системасынын өз ара аракеттешүүсүнө жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

1. Каралып жаткан системалардын маңызын аныктоо үчүн эмгек рыногу жана салык системасы жана салык салуу проблемасы боюнча алыскы чет

мамлекеттердин, Россиянын жана Кыргызстандын окумуштууларынын бир топ илимий эмгектери изилденген, алардын заманбап шартта иштеши изилдөөнүн илимий-методологиялык негизи болгон. Салык системасынын жана эмгек рыногунун натыйжалуу иштөөсүн жогорулатуу үчүн өнүккөн өлкөлөрдүн эмгек рыногу менен салык системасынын өз ара аракеттешүүсүн уюштурууда топтолгон оң тажрыйбасын өздөштүрүү пайдалуу жана АКШнын тажрыйбасынан алып, санкциялоочу жана өбөлгө түзүүчү чараларды колдонуу менен салыктардын фискалдык жана жөнгө салуучу функцияларын ишке ашыруу бөлүгүндө салык механизминин айрым жоболорун Кыргызстанга киргизүү сунушталат. Пилоттук долбоор катары пенсия курагына жеткенде кызматкерлерге/жумушчуларга пенсия чегерүү маселесинде Германиянын тажрыйбасын колдонуу сунушталды.

2. Учурда Кыргызстандын эмгек рыногунда эмгекке жарамдуу курактагылардын жумушчу күчү суроо-талаптан ашык болуп саналат, ошол эле учурда расмий түрдө жумушсуздук Эл аралык эмгек уюмунун методологиясы боюнча эсептелген жумушсуздуктун жалпы деңгээлинен олуттуу түрдө төмөн көрсөткүчтө. 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча бул катыш 5,8%га каршы 3,0%ды түзгөн. Эмгек рыногунда өзүнүн мыйзамдары жана ченемдери боюнча иш алып барган расмий эмес жумушка орноштуруу процесси институционалдашты. Бул эмгектик мамилелердин бүтүндөй системасына терс таасирин тийгизет. Бул процесс ишкерлердин өзүнүн сарптоолорун кыскартуу каалоосуна жана жумушчулардын күндөлүк кирешелерин көбөйтүү ниетине базаланат. Салык системасы азыркы тапта фискалдык гана функциясын аткарууда (ошондо дагы толук эмес көлөмдө). Өзүнүн аракеттери менен салык төлөмдөрүн жыйноону толугу менен аткарбаганга алып келүүчү туруктуу коррупциялык байланыштарды түптөөнү шарттайт.

3. Эмгек жана салык мыйзамдарын практика жүзүндө колдонуудагы кемчиликтер, бир жагынан салык төлөмдөрүнүн жана камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн олуттуу түрдө толук түшпөөсү байкалгандыгын шарттайт. Бул социалдык камсыздандыруу системасынын туруктуулугуна (камсыздандыруу төлөп берүүлөрү) жана жергиликтүү бюджеттерди өнүктүрүүгө (киреше салыгы) терс таасирин тийгизет. Экинчи тарабынан алганда, жумушчунун кийинкиге жылдырылган социалдык коргоо эффектиси байкалууда. Анткени жеке камсыздандыруу төлөмдөрүнүн жоктугу келечекте төмөндөтүлгөн же социалдык пенсияга, жумушсуздук ж.б. боюнча жөлөк пулдарды төлөп берүүнүн жоктугуна алып келет. Үчүнчү жагынан алганда, эмгекке жарамсыздык күч алды жана салык тартибинин чабалдыгы дагы орун алды. Ал эми бул, өз кезегинде, мыйзамга баш ийген ишкерлердин атаандашууга жөндөмдүүлүгүн начарлатат жана ар кандай турмуштук жагдай келип чыккан учурда алардын жумушчулары үчүн социалдык камсыздандыруу көлөмүн азайтат.

4. Орто жана узак мөөнөттүү келечекти эске алуу менен өз укуктарын талап кылган жумушчулардын реалдуу бирикмелери жок болгон шартта жумушчулардын өздөрү эмгек мамилелери маселесинде жумуш берүүчүлөргө

каршы тура албастыгы аныкталды. Оптималдуу салык саясаты эмгек рыногун нормалдаштырууну шарттайт жана көмүскө эмгек мамилелеринин чөйрөсүн кыскартат.

5. Киреше боюнча кирешелер жана камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн 2030-жылга чейин түшүүсүнүн иштелип чыккан божомолу Кыргызстанда киреше салыгы жана камсыздандыруу чегерүүлөрү толук түшпөй жаткандыгы тууралуу күбөлөндүрөт. Бул эмгек рыногу жана салык системасынын өз ара аракеттешүү механизминде киреше салыгын жана камсыздандыруу чегерүүлөрүн төлөөдөн качуу же азайтып көрсөтүү үчүн мүмкүнчүлүк берген «жашырылган» коррупциялык схемалар бар экендигин билдирет.

6. Кыргыз Республикасынын эмгек рыногу менен салык тутумунун өз ара аракеттенүүсүндөгү көйгөйлөр негизделген, аныкталган жана топтоштурулган, ошондой эле мыйзамдарды өркүндөтүүнүн алкагында мыйзамсыз ишке кыскартууга жана расмий эмгек мамилелеринин чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган салык механизмин жана салык системасын өнүктүрүү, өркүндөтүү боюнча чаралар сунушталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШ-КӨРСӨТМӨЛӨР

1. Анализ көрсөткөндөй, салык текшерүүлөрүн уюштуруу учурунда ишкерлер менен салык кызматынын өкүлдөрүнүн жеке байланыш түзүү мүмкүнчүлүгү бар. Бул киреше салыгын жана тиешелүү камсыздандыруу чегерүүлөрүн жаап-жашыруу үчүн коррупциялык сүйлөшүп алуулардын келип чыгуусун жана өнүгүүсүн шарттайт. Мындай терс процесстерди четтетүү үчүн электрондук салыкты контролдоо системасын ишке киргизүү сунушталат. Бул аркылуу ишкер менен салык кызматкеринин жеке байланыш түзүү мүмкүнчүлүгү четтетилет. Бул коррупциялык схемаларды кыскартат жана жарандардын мыйзамдуу жумушка орношуу деңгээлин жогорулатат.

2. Ушуга байланыштуу камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн ченемдерин кайрадан карап чыгуу жана ишкердик субъектилерге салык преференцияларын жана жеңилдиктерди берүү менен ченемдерге киргизүү сунушталат. Ошондой эле, бардык катышуучулардын, баарынан мурда, салык органдарынын кызматкерлеринин жоопкерчилигин күчөтүү талап кылынат. Анткени жаза чараларынын колдонуудагы ченемдери иштебей, коррупция күч алууда.

3. Салык салуу базасына мониторинг жүргүзүү жана эсепке алуу системасын бүтүндөй өлкө боюнча да, аймактарда дагы жакшыртуу зарыл. Ошол эле учурда эксперттер жана башка мамлекеттик органдар үчүн, биринчи кезекте жумуш менен камсыз кылуу кызматтары (Салык кызматын жана Соцфондду кошпогондо) «Түндүк» Электрондук билдирүүлөр мамлекеттик системасы аркылуу ачык-айкындуулукту жана жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

4. Салык системасын өркүндөтүүнүн негизги багыттарынын алкагында жумуш берүүчүлөр ортосунда салык жүгүн карап чыгуу жана камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн өлчөмүнө жараша көптөгөн социалдык жеңилдиктерди алууну байланыштыруучу иштерди улантуу (жумушсуздук

боюнча жөлөк пулдарды төлөө мисалы боюнча), жаш курагы боюнча пенсиялардын төмөнкү деңгээлинен улам жаңы кедей адамдарды пенсияга чыгуу учурунда санын кыскартуу үчүн пенсиянын өлчөмүн чегерүүлөр боюнча адилетсиз белгиленген чектөөлөрдү жок кылуу сунушталды. Анын негизи катары камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн өлчөмүн алуу. Бул ишкерлерди гана эмес, кызматкерлердин/жумушчулардын өздөрүн дагы эмгек мамилелерин мыйзамдаштыруусун өбөлгөлөйт жана расмий жумушсуздуктун деңгээли тууралуу объективдүү маалыматтарды алуу үчүн шарттарды түзөт, эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулашын шарттайт.

5. Салык салуунун туурасынан кеткен шкаласынан тигинен кетүүчү шкаласына өтүү сунушталды. Ошол эле учурда эмгек акысы төмөн же бир күндүк жашоо минимуму деңгээлинде эмгек акы алган кызматкерлерди/жумушчуларды киреше салыгын төлөөдөн бошотуу, пенсияга чегерүүгө зарыл болгон камсыздандыруу салыгын гана калтыруу сунушталды.

6. Кыргызстанда ЕАЭБге мүчө болуунун алкагында, интеграция шарттарында эмгек рыногун өнүктүрүүнүн кыйла так картинасын бере турган эмгек рыногун божомолдоодо жаңы инструментарийди колдонуу зарылчылыгы келип чыгат. Ушуга байланыштуу, автор тарабынан иштелип чыккан түз сызыктуу-регрессиялык жана көп факторлуу моделдерди колдонуу менен киреше салыгынан жана камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн негизинде эмгек рыногун божомолдоонун эконометрикалык моделин сунуштоо максатка ылайыктуу болот деп эсептейбиз.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. **Кошокова, Н.Ж**. Азыркы экономикадагы салыктын жана салык системасынын теориялык-методологиялык аспектилери [Текст] / Н. Ж. Кошокова // К.Карасаев ат. БМУ илимий макалалардын жыйнагы. - 2017. - 78-83 бб.

2. **Кошокова, Н.Ж**. Кыргызстанда жеке жактардан салык алуу [Текст] / Н. Ж. Кошокова // М. Рыскулбеков ат. КЭУ Жарчысы. - 2017. - №2 (40) - 173-175 бб. https://drive.google.com/file/d/1POnMqsYMwqtkMPt7jF60qStCKO5se1xx/view

3. **Кошокова, Н.Ж**. Рыноктук экономиканын түптөлүү жана өнүгүү мезгилинде Кыргызстандын салык системасын өнүктүрүү [Текст] / Н. Ж. Кошокова // Россиянын ишкердиги. –М., 2017. – 18. Т, № 24 (284). – 4341-4350 бб. https://creativeconomy.ru/lib/38547

4. **Кошокова, Н.Ж**. Кыргыз Республикасынын эмгек рыногунун ашыкча эмгек өндүрүмдүүлүгүн жеңилдетүүчү факторлор [Текст] / Н. Ж. Кошокова // Эмгек экономикасы – М., 2017. - 4. Т., № 4. - 401-412 бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=32232421.

5. **Кошокова, Н.Ж**. Чакан жана орто бизнестин өнүгүүсүнө салыктык өбөлгө түзүү жана ЕАЭБ шартында Кыргыз Республикасында жумушчу

орундарын түзүү [Текст] / Н. Ж. Кошокова // К.Карасаев ат. БМУ илимий макалалардын жыйнагы. - 2018. - 65-69 бб.

6. **Кошокова, Н.Ж**. Кыргызстанда салыктардын жана эмгек шартынын өз ара аракеттешүү проблемалары [Текст] / Н. Ж. Кошокова // Кыргызстандын жождорунун жарчысы. – 2018. - № 1. - 127-132 бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=35034224.

7. **Кошокова, Н.Ж**. Кыргыз Республикасынын эмгек рыногунун субъектилери менен салык системасынын аракеттерин шайкеш келтирүү [Текст] / Н. Ж. Кошокова // М. Рыскулбеков ат. КЭУ Жарчысы. – 2018. - №3 (45). - 250-257 бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=45722389.

8. **Кошокова, Н.Ж**. Экономикалык өсүштү, салык салууну жана калктын ишке орношуусун камсыз кылуу [Текст] / Н. Ж. Кошокова // Кыргызстандын жождорунун жарчысы. – 2019. - № 2. - 104-110 бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=38250756

9. **Кошокова, Н.Ж**. Кыргызстандын улуттук эмгек рыногунун азыркы абалы жана өзгөчөлүгү [Текст] // Н. Ж. Кошокова, Г. Р. Азимова // К.Карасаев ат. БМУ илимий макалалардын жыйнагы. - 2019. - 7-11 бб.

10. **Кошокова, Н.Ж**. Салык салуунун экономиканы мамлекеттик жөнгө салуудагы ролу [Текст] / Н. Ж. Кошокова, З. Б. Осмонов, Н. К. Джакубов // Кыргызстандын жождорунун жарчысы. – 2020. - № 3. - 39-45 бб. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/archive/13515

11. **Кошокова, Н.Ж**. Калктын Кыргызстанда социалдык-экономикалык коопсуздугунун финансылык аспектилери [Текст] / Н. Ж. Кошокова, З. Б. Осмонов, Э. Т. Шахман // Кыргызстандагы илим, жаңы технологиялар жана инновациялар. – 2020. - № 12. - 85-91 бб. http://www.science-https://elibrary.ru/item.asp?id=45653811

12. **Кошокова, Н.Ж**. Түзүлүп жаткан маалыматтык коомдун шарттарындагы эмгек рыногу [Текст] / В. Е. Савин, Н. Ж. Кошокова, Н. К. Джакубов // Кыргыз-Орус Славян университетинин жарчысы. – 2021. – 21. Т., № 3. – 34-42 бб. http://vestnik.krsu.edu.kg/archive/163/6854.

**Кошокова Нуржана Жарматованын 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Рыноктук экономиканын шарттарында салык системасынын жана эмгек рыногунун өз ара аракеттешүүсү (КР материалдарында)» темасында жазган дессертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** эмгек рыногу, салык системасы, жумушчу күчү, экономика, салыктар, калк, жумушсуздук, көмүскө экономика, мамлекеттик бюджет.

**Изилдөөнүн объектиси**: Кыргызстандын эмгек рыногу жана анын жумушчулар тарабынан киреше салыгын төлөө жана Кыргызстандын социалдык фондуна камсыздандыруу чегерүү маселелери боюнча салык системасы менен байланышы.

**Изилдөөнүн предмети:** рыноктук экономиканын шарттарында эмгек рыногу менен салык системасынын өз ара аракеттешүүсүнүн механизминде көмүскө

экономикалык мамилелерди четтетүү максатында Кыргыз Республикасынын экономикалык системасын өнүктүрүүнүн алкагында салык системасынын эмгек рыногуна таасири.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты:** рыноктук экономиканын шарттарында Кыргызстандын эмгек рыноугунун жана салык системасынын өз ара аракеттешүүсүнүн механизмин теориялык-методологиялык негиздөө жана Кыргыз Республикасындагы изилденип жаткан системалардын өз ара аракеттешүүсүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында өркүндөтүү жана көмүскө мамилелерди кыскартуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу.

**Изилдөө методдору:** изилдөөнүн жалпы илимий методдору, эмпирикалык (адабияттарды жана ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын өздөштүрүү, салыштыруу жана анкеталык сурамжылоо), изилдөөнүн статистикалык-математикалык методу, таблица жана график түрүндөгү методдор жана статистикалык маалыматтарды визуалдаштыруунун ыкмалары.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңычылдыгы:** эмгек рыногуна салык системасынын таасири негизделген жана эмгек рыногу менен салык системасынын өз ара аракеттешүүсүнө таасирин тийгизүүчү факторлор системага салынган; салыктык администрациялоону өркүндөтүүгө, көмүскө эмгек мамилелерин кыскартууга багытталган чаралар сунушталды; Социалдык фондго камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн жана киреше салыгынын түшүүлөрүнүн божомолу жасалды.

**Колдонуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөр.** Изилдөөнүн жыйынтыктары салыктардын эмгек рыногуна таасирин кыйла терең жана масштабдуу өздөштүрүүгө база болуп берет. «Эмгек рыногу» жана «салык системасы» түшүнүктөрүнүн илимий-методологиялык негизи «Эмгек рыногу» жана «Салык жана салык салуу» дисциплиналары боюнча окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгуу учурунда пайдаланылышы мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү.** Автор тарабынан иштелип чыккан киреше салыгынан түшүүлөрдүн жана камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн негизинде эмгек рыногун божомолдоонун эконометрикалык моделин эмгек рыногун божомолдоо учурунда колдонууга болот. Ал ЕАЭБге мүчө болуунун алкагында Кыргызстандын интеграциялануу шартында эмгек рыногун өнүктүрүүнүн кыйла так картинасын бере алат.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Кошоковой Нуржаны Жарматовны на тему: «Взаимодействие налоговой системы и рынка труда в условиях рыночной экономики (на материалах КР)», на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** рынок труда, налоговая система, рабочая сила, экономика, налоги, население, безработица, теневая экономика, государственный бюджет.

**Объект исследования**: рынок труда Кыргызстана и его связь с налоговой системой по вопросу уплаты подоходного налога работниками и страховых отчислений в социальный фонд Кыргызстана.

**Предмет исследования:** влияние налоговой системы на состояние рынка труда в рамках развития экономической системы Кыргызской

Республики с целью устранения теневых экономических отношений в механизме их взаимодействия в условиях рыночной экономики.

**Цель диссертационного исследования:** теоретико-методологическое обоснование механизма взаимодействия рынка труда и налоговой системы Кыргызстана в условиях рыночной экономики и разработке рекомендаций по сокращению теневых отношений и совершенствованию с целью повышения эффективности их взаимодействия исследуемых систем Кыргызской Республики.

**Методы исследования:** общенаучные методы исследования, эмпирический (изучение литературы и результатов деятельности, сравнение и анкетный опрос), статистико-математический методы исследования, табличный и графический методы и приемы визуализации статистических данных.

**Полученные результаты и их новизна:** обосновано влияние налоговой системы на рынок труда и систематизированы факторы, влияющие на взаимодействие рынка труда и налоговой системы; предложены меры, направленные на совершенствование налогового администрирования, сокращения теневых трудовых отношений; сделан прогноз поступления подоходного налога и страховых отчислений в Социальный фонд.

**Рекомендации по использованию.** Результаты исследования являются базой для более глубокого и масштабного изучения влияния налогов на рынок труда. Научно-методологические основы понятия «рынка труда» и «налоговой системы» могут быть использованы при разработке учебно-методических комплексов по дисциплинам «Рынок труда» и «Налоги и налогообложение».

**Область применения.** Разработанную автором эконометрическую модель прогнозирования рынка труда на основе поступлений подоходного налога и страховых отчислений можно применить при прогнозировании рынка труда, которое бы давало более точную картину развития рынка труда в условиях интеграции Кыргызстана в рамках членства в ЕАЭС.


## SUMMARY

**of the dissertation research of Koshokova Nurzhana Zharmatovna on the topic: "Interaction between the tax system and the labor market in a market economy (based on the materials of the Kyrgyz Republic)", for the degree of candidate of economic sciences in the specialty 08.00.05 - economics and management of the national economy**

**Key words:** labor market, tax system, labor force, economy, taxes, population, unemployment, shadow economy, state budget.

**Object of research**: the labor market of Kyrgyzstan and its relationship with the tax system on the issue of payment of income tax by employees and insurance contributions to the Social Fund of Kyrgyzstan.

**Subject of research:** the impact of the tax system on the state of the labor market in the framework of the economic system development of the Kyrgyz

Republic in order to eliminate shadow economic relations in the mechanism of their interaction in a market economy.

**The purpose of the dissertation research:** theoretical and methodological substantiation of the mechanism of interaction between the labor market and the tax system of Kyrgyzstan in a market economy and the development of recommendations for reducing shadow relations and improving in order to increase the effectiveness of their interaction between the studied systems of the Kyrgyz Republic.

**Research methods:** general scientific research methods, empirical (study of literature and performance results, comparison and questionnaire survey), statistical and mathematical research methods, tabular and graphical methods and statistical data visualization techniques.

**The results obtained and their novelty:** the influence of the tax system on the labor market is substantiated and the factors influencing the interaction of the labor market and the tax system are systematized; measures aimed at improving tax administration, reducing shadow labor relations are proposed; a forecast of income tax and insurance contributions to the Social Fund is made.

**Recommendations for use.** The results of the research study are the basis for a deeper and larger-scale study of the impact of taxes on the labor market. Scientific and methodological substantiations of the concept of "labor market" and the “tax system" can be used in the development of educational and methodological complexes in the disciplines "Labor market" and "Taxes and taxation".

**Scope of application.** The econometric model developed by the author for forecasting the labor market based on income tax receipts and insurance contributions can be applied in forecasting the labor market, which would give a more accurate picture of the development of the labor market in the context of Kyrgyzstan's integration into the EEU.